DOI:10.26104/NNTIK.2022.85.97.051

*Мааткеримов Н.О., Бектеналиева Д.К.*

# БОЛОЧОК ИНЖЕНЕРЛЕРДИН КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУГА ЖАЛПЫ ДИДАКТИКАЛЫК МАМИЛЕНИ КОЛДОНУУ

*Мааткеримов Н.О., Бектеналиева Д.К.*

# ПРИМЕНЕНИЕ ОБЩЕДИДАКТИЧЕСКОГО ПОДХОДА К ФОРМИРОВАНИЮ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ ИНЖЕНЕРОВ

*N. Maatkerimov, D. Bektenalieva*

# APPLICATION OF THE GENERAL DIDACTIC APPROACH TO THE FORMATION OF THE COMMUNICATION COMPETENCE OF FUTURE ENGINEERS

*УДК: 37.026.1:316.773:359.421*

*Жогорку техникалык билим берүүнү жаңылантуунун заманбап этабы жумуш берүүчүлөр талаптаган компетенттүү, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо милдеттерин коет. Техникалык ЖОЖдордун студенттеринин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу көйгөйү жогорку мектептин изилдөөлөрү тарабынан жетиштүү ачыкталган эмес. Макалада авторлор бул маселелерди тилдик дисциплиналардын дидактикалык потенциалын ачуу аркылуу изилдешет. Инженердин кесиптик даярдоосуна коммуникациялык-компетенттик мамиле анын лингвистикалык, социалдуу-лингвистикалык жана прагматикалык компетенцияларды калыптандырууну божомолдойт. Коммуникациялык компетенттүүлүктүн негизги компоненти катары тилтаанууучу элементи төмөнкүлөрдү камтыйт: лексиканы, сүйлөөнүн эрежелери, грамматикалык формаларды түзүүнү, аңдалган стилистикалык маркировкаланган фразаларды структуралоо, ошондой эле аларды туура колдонуунун жолдорун билүү. Лингвистикалык нормаларга ээ болбостон эч кандай вербалдык коммуникация мүмкүн эмес. Болочок инженерлерди даярдоодо кезиккен кемчиликтер, коммуникациялык компетенттүүлүктүн маңыздуу мүнөздөмөлөрү такталган. Студенттердин коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун багыттары дидактикалык шарттарды жаратуу аркылуу сунушталган, изилденип жаткан феномендин критерийлери жана көрсөткүчтөрү белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *коммуникациялык компетенттүүлүк, эне тил, орус тил, инженер-технологдор, вербалдуу коммуникация, кептин маданияты, компетенцияларды калыптандыруу, дидактикалык аспектилер, техникалык терминдер, критерийлер.*

*Современный этап модернизации высшего технического образования ставит задачи подготовки компетентных, конкурентоспособных специалистов, востребованных работадателями. Проблема формирования коммуникативной компетентности студентов технического вуза недостаточно раскрыта исследователями педагогики высшей школы. В статье авторы исследуют эти вопросы посредством выявления дидактического потенциала языковых дисциплин. Коммуникативно-компетентностный подход к профессиональной подготовке инженера предполагает формирование лингвистической, социолингвистической и прагматической компетенций. Языковедческий элемент как основной компонент коммуникативной компетентности включает знание лексики, правил произношения, образования грамматических форм, структурирования осмысленных, стилистически маркированных фраз, а также способов их корректного употребления. Без владения лингвистическими нормами невозможна никакая вербальная коммуникация. Описаны существующие недостатки при подготовке, уточнены сущностные характеристики коммуникативной компетентности будущих инженеров. Предложены направления формирования коммуникативных компетенций студентов посредством создания дидактических условий, выделены критерии и показатели исследуемого феномена.*

***Ключевые слова:*** *коммуникативная компетентность, родной язык, русский язык, инженеры-технологи, вербальная коммуникация, культура речи, формирование компетенций, дидактические аспекты, технические термины, критерии.*

*The current stage of modernization of higher technical education sets the task of preparing competent, competitive specialists demanded by employers. The problem of the formation of communicative competence of students of a technical university is not sufficiently disclosed by researchers of higher education pedagogy. In the article, the authors explore these issues by identifying the didactic potential of language disciplines. The linguistic element as the main component of communicative competence includes knowledge of vocabulary, pronunciation rules, the formation of grammatical forms, structuring meaningful, stylistically marked phrases, as well as ways to use them correctly. No verbal communication is possible without mastering linguistic norms. The communicative-competence-based approach to the professional training of an engineer involves the formation of linguistic, sociolinguistic and pragmatic competencies. The existing shortcomings in the preparation are described, the essential characteristics of the communicative competence of future engineers are clarified. Directions for the formation of students' communicative competencies through the creation of didactic conditions are proposed, criteria and indicators of the phenomenon under study are identified.*

***Key words:*** *communicative competence, native language, Russian, technology engineers, verbal communication, speech culture, competence formation, didactic aspects, technical terms, criteria.*

Кыргызстандын заманбап билим берүү саясатынын контекстинде техникалык университеттин бүтүрүүчүсү инновациялык инженердик ишмердүүлүккө даяр болушу зарыл: жаңы технологияларды иштеп

чыгуу жана жаратуу, жаңы социалдык менен экономикалык эффектини камсыздаган товардык өндүрүмдөрдү чыгаруу, демек алардын атаандаштык жөндөмүн камсыздоо.

Ааламдашуу шарттарында экономикалык, илимий-техникалык, саясий, маданий жана билим берүү аймактарда эларалык кызматташууну кеңейтүү жогорку техникалык окуу жайлардын бүтүрүүчүсүнөн эне тилинен тышкары орус тилине активдүү ээ болуусун талап кылат. Кесиптик сферанын орус тилдүү лексикасын өздөштүрүү адистин башкалар менен диалог жүргүзүүнү, өнөктөшү менен аны бириктиргендерди аңдап түшүнүү билгичтике, маектешине өзүнүн ойлорун жеткирүүгө, эмгектин натыйжаларын жана маалыматтар менен алмашууга жөндөмдөрүн камсыздайт. Кесиптик багытталган орус тилине үйрөтүү бир катар спецификалык өзгөчөлүктөрү болгон илимий менен атайын техникалык адабияттарды окууга жана техникалык терминологияны өздөштүрүүгө негизделген.

Аткарылып жаткан ишмердүүлүктүн өзгөчүлүгү кызматкердин компетенттүүлүгүнүн аныкталган түрлөрү бар экендигин күбөлөндүрөт. А.К. Болотова, Ю.М. Жуков, Дж. Равен, В. Хутмахер ж.б. авторлордун пикири боюнча компетенция – бул аракеттеги компетенттүүлүк жана анын маңызын билгичтиктер аркылуу аныкташкан. Э.Ф. Зеер, А.М. Павлова, Э.Э. Сыманюк коммуникациялык компетенттүүлүктүн түзүмүндө доминанттуу белгиси болуп билгичтиктер чыгаарын көрсөтүшкөн. А.К. Ерофеев жана С.А. Липатов коммуникациялык компетенттүүлүктүн универсалдуулугун белгилешип, анын өтмөлүк мүнөзүн, б.а., ар бир түрлөрүн байланыштырганына басым жасашкан. Ошондуктан коммуникациялык компетенттүүлүктүн өзөгү болуп коммуникациялык билгичтиктер чыгышат. Бул көз караштын өзгөчө позициясы бар болот, анткени В.С. Леднев, Н.Д. Никандров, М.В. Рыжаковдун ойлору боюнча билгичтиктерди байкоо, белгилөө жана баалоого мүмкүн болот [3].

Кыргыз жана орус тилдерге окутуунун негизги максаты – бул баарлашуу аркылуу жазуу жана оозеки кепке үйрөтүү болуп саналат. Ал эми өлкөбүздүн техникалык ЖОЖдорундагы орус тилине кесиптик багытталган окутуунун максаты болуп болочок инженерлер кесиптик маданият аралык коммуникацияга зарыл болгон орус тилдүү компетенциянын негиздерин кабыл алуу, оозеки менен жазуу баарлашуунун формаларына маалыматтык ишмердүүлүктүн жана келечекте өзү өзүнө билим алуу каражаты катары ээ болуу эсептелет [1].

Мамлекеттик тил жана орус тилдери техникалык ЖОЖдордун студенттеринин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун маанилүү каражаты болуп эсептелет. Азыр бөтөн тилдүү компетенция жогорку квалификациядагы конкуренцияга чыдаган адистерди даярдоонун ажырагыс элементи болуп калды. Компетенция – бул адамга аракеттерди жогорку деңгээлде аткарууга мүмкүндүк түзгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр жана инсандык сапаттардын жыйындысы. Коммуникациялык тилдик компетенция кептик каражаттарды пайдалануу менен ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк түзөт жана тил каражаттарын аныкталган топтомун жагдайга жараша тандоо менен колдонуу билгичтигин божомолдойт [2].

Бөтөн тилдүү компетенттүүлүк кесиптик орус тилдүү баарлашуунун негизи катары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- кесиптик маанилүү маалыматты издеп алуу үчүн окуунун ар кандай түрлөрүнүн жардамы менен орус тилин пайдаланууга мүмкүндүк түзгөн тилдик жана кесиптик компетенцияларды;
- орус тилинде оозеки жана жазуу түрүндө кесиптик баарлашууда катышууда мүмкүндүк түзгөн коммуникациялык компетенцияны;
- башка маданияттын өкүлдөрү менен баарлашууга натыйжалуу катышуунукамсыздаган социомаданияттык компетенцияны.

Орус тилине жакшы ээ болуу үзгүлтүксүз өзүөзүнө билим алуу жана заманбап инженердик кесиптик маалыматтык ишмердүүлүккө көмөктөшөт. Кыргыз жана орус тил дициплиналарды үйрөнүү практика жүзүндө бардык компетенцияларды – жалпы *маданияттык* да, *кесиптиктерди* да калыптандырууга жардам берет.

1. Жалпы маданияттык компетенцияларды калыптандырууда студент төмөнкүлөргө жөндөмдүү жана даяр болот:

- кесиптик ишмердүүлүктүн ар кайсыл түрлөрүндө социалдуу манилүү көйгөйлөр жана процесстерди талдоого, табигый-илимий жана так илимдердин усулдарын практикада колдонууга;
- логикалык жана аргументтелген талдоого, эл алдында баяндоого, дискуссия жанаполемиканы жүргүзүүгө, кесиптик техникалык мазмундагы текстти редакциялоого, тарбиялоо жана педагогикалык ишмердүүлүкө, кызматташууга жана кагылыштарды чечүүгө, толеранттуулука;
- мамлекеттик тилде жазуу ооз эки түрдө коммуникацияга жана турмуш-тиричилик деңгээлде чет тилдердин бирине ээ болууга.

2. Кесиптик компетенциялар адистик ишмердүүлүктүн ар түрдүү аспектилеринде болочок инженердин маалыматтуулугун алдын ала караштырат, бул ар түрдүү булактардан, анын ичинде кыргыз жана орус тилдиктерден жаңы маалыматты алуу билгичтик менен камсыздалат. Кесиптик компетенцияларды калыптандырууда студент төмөнкүлөргө жөндөмдүү жана даяр болот:

- кесиптик ишмердүүлүктү жетилтүү максаттарында теориялык билимдерин жанапрактикалык бил-

гичтиктерин пайдалануу менен чечимдерди издөөгө негизделген, техникадагы инновацияларга таянып, илимий маалыматты талдоого системалык мамилени калыптандырууга;

- илим жана техниканын ар түрдүү аймактарында пайдаланылган заманбаппириборлор жана жабдылыш менен иштөөгө;

- маалыматтык компьютердик техникага ээ болууга;

- ар кайсыл булактардан жаңы маалыматты издеп табууга;

- глобалдуу компьютердик тармактарда маалымат менен иштөөгө;

- кесиптик милдеттерди чечмелөө үчүн заманбап маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга.

Кыргыз жана орус тилдерин үйрөнүү башка кесиптик компетенцияларды калыптандырууга зарыл болот. Булар психологиялык-педагогикалык, уюштуруучу-башкаруучу ишмердүүлүктө жана эң башкысы илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө байкалат, мында студент төмөнкүлөргө даяр болушу керек:

- изилдөөнүн тематикасы боюнча илимий-техникалык маалыматты окуп үйрөнүү, ата-мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды өздөштүрүү, сереп салуу, реферат, докладдарды даярдоого;

- айрым илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-колдонмо милдеттерди чечмелөөгө катышуу, маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын сактоого;

- заманбап теориялык жана эксперименттик изилдөөлөрдүн тоддорун өздөштүрүүсүнө катышууга [3].

«Адам-техника» деген кесиптин өкүлдөрү эмгектин заттык продуктыларын, энергиянын түрлөрү жана формаларын, адамдардын жашоо чөйрөсүнүн ар кандай шарттары жана нерселерин, алардын тиричилик кылуу менен өнүгүү каражаттарын өндүрүшөт. Инженердик ишмердүүлүк пайда болгон өндүрүштүк милдеттерди чечмелөөдө түзүлөт жана аракеттерден, операциялардан, ар түрдүү деңгээлдеги жана профилдеги адистердин өз ара аракеттенүүлөрүнөн турат. Инженердик-техникалык иштердин долбоордук, өндүрүштүк-технологиялык, конструктордук ж.б. сыяктууларды камтып, адамдар менен түздөн-түз байланышта жүзөгө ашырылат. Ошондуктан инженердик кызматты аткарууга өндүрүмдүү өз ара аракеттеништерди уюштуруу билгичтик өтө маанилүү талап болуп чыгат, натыйжасында социалдуу баалуу жыйынтыкка жетүүгө көмөктөшөт.

Техникалык университеттин технологиялык адистиктин типтүү окуу пландарын, студенттердин коммуникациялык компетенцияларынын калыптанган абалын аныктоо боюнча констатациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоодо төмөнкүлөр байкалды:

- техникалык адистигинин 1-курстун студенттеринин коммуникациялык билгичтиктери алардын гуманитардык аймактагы курбулаштарынын деңгээлинен төмөндүгү аныкталды;

- инженердик дисциплиналарды окутууда көпчүлүгүндө коммуникациялык компетенттүүлүктү өнүктүрүү негизги милдеттерге кирбегендиги;

- болочок инженерлерди кесиптик даярдоосунун азыркы практикасында коммуникациялык компетенцияларды калыптандыруу үчүн ыкмалар жана каражаттардын жетишсиздиги байкалды [6].

Болочок инженерлер кесиптик баарлашуунун аймагында орус тилдүү компетенциянын адистин практикалык ишмердүүлүгүнө багытталган негиздерин алуу, дисциплинаны үйрөнүүдө түпкү максаттарын ишке киргизүү процессинде аткарылат. Кесиптик багытталган орус тилин үйрөнүүнүн негизги критерийлери болуп берилген материалдын тактыгы, талашсыздыгы, ырастыгы эсептелет. Жыйынтыктоочу көзөмөл сабактан тышкары убакытта студенттердин өз алдынча иштери болуусун божомолдойт.

Окутуунун интерактивдүү моделинин негизги көрсөткүчтөрү катары формалдуу эмес дискуссиянын, материалды эркин аңгемелөө мүмкүнчүлүгү, лекциялардын азыраак көлөмү, бирок семинарлардын көбүрөөк саны, баяндама, эссе, жазуу иштерди аткаруу, студенттин демилгеси, жамааттык эмгекти талап кылган топко ылайыкташкан тапшырмалар, семестр мезгилинде туруктуу көзөмөл ж.б. болуп эсептелет. Бул жоболорду карманып окутуунун интерактивдүү усулдарына аныктама берүү менен анын курамына киргизүүгө мүмкүн болгон методдорду дагы атап кетели.

Ошентип лекциялар жана семинарларда мүмкүн болгон колдонуштар:

- конкреттештирүү жана фактологиянын ыкмалары, алар студентти технологиялык өндүрүштө башкы идеяны бөлүп чыгаруу зарылдыкка багыттайт, мисалы, кандайдыр бир механизмдин иштөө принцибин талдоо;

- группада коллективдүү ишмердүүлүккө багытталган изилдөөнүн ыкмалары, бул жамааттык талкуулоодо конвейердик технологияга анализ берүү; практикалык сабактарда кичине топтордо (5-6 студент) иштөөгө ылайыкташтырылган тестирлөө түрлөрү;

- семинарда ар бир студент этаптуу, функциялык катышуусу белгиленген иштиктүү же рольдук оюндардын ыкмалары:

а) каталарды же бош орундуу таркатуучу ар түрдүү материалдарды пайдалануу;

б) инструктаж берүү жана пикирлешүүнүн эталонун көрсөтүү, булар студент өз алдынча ой жүгүртүү ишмердүүлүгүндө пайдаланууга керек;

в) өзүнчө тематикадагы рольдук оюндар.

Техникалык ЖОЖдун студентинин коммуникациялык компетенттүүлүгүн биз анынинсандыгынын кесиптик жана жекечелик маанилүү сапаттарынын интегралдык мүнөздөмөсү катары түшүнөбүз. Ал өзүнчө төмөнкү элементтерди камтыйт: окуу ишмердүүлүктүн конкреттүү шарттарында оптималдуу натыйжага жетиш үчүн студенттин билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү жана өндүрүмдүү өз ара аракеттеништи уюштуруу үчүн тажрыйбасынын деңгээли. Булардын жыйынтыгында келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө инновациялык долбоорлор менен технологияларды, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны куруп жана иштен чыгарууга даяр болуп, алар жыйындысында коомдун социалдык-экономикалык прогрессин шарттайт [4,5].

Болочок инженерлердин коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн түзүмүнө ылайык биз изилденип жаткан феномендин төмөнкү көрсөткүчтөрү жана критерийлерин белгиледик:

- инсандык (эмпатия, симпатия, багыттуулук, коммуникабелдүүлүк);
- когнитивдүү (студенттердин билимдери менен билгичтиктери, инсандар аралык өз ара аракеттенүү кырдаалдарда аларды пайдалана билүү);
- практикалык-багытталган (коммуникациялык билгичтиктер: өнөктөш берген маалыматты активдүү кызыгуу менен угуп кабыл алуу);
- уюштуруу-башкаруучу (коммуникациянын вербалдуу жана вербалдуу эмес каражаттарына ээ болуу, кызматташтык, чогуу чыгармачыл чөйрөнү түзө билүү).

Келечектеги техникалык адистердин коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн калыптанышы баштапкы, нормативдүү жана оптималдуу деңгээлдердин чектеринде ишке ашырылат. Ар бир деңгээлдин жалпылантылган мүнөздөмөлөрү биздин изилдөөбүздө коммуникациялык компетенциялардын белгиленген критерийлердин негизинде аныкталган. Мында жаңы жогорку деңгээлге өтүү процесси төмөнкү деңгээлин өздөштүрмөйүнчө мүмкүн эмес.

Окутуу процессинде студенттин коммуникациялык компетенттүүлүгүн көрсөтүлгөн маңыздык мүнөздөмөлөрүнүн контекстинде тиешелүү дидактикалык шарттарды түзүү аркылуу камсыздоого мүмкүн болот:

- коммуникациялык мейкиндикти максаттуу багытталган жолдор менен түзүү;
- өз ара аракеттенүүнүн социалдык тажрыйбасы кылып интериоризациялоонукамсыздоо;
- коммуникациялык билгичтиктерди комплекстүү өнүктүрүүнү коммуникативдик компетенттүүлүктүн өзөгү катары жүзөгө ашыруу.

Ошентип, техникалык жогорку окуу жайлардын студенттеринин коммуникациялык компетенцияларын калыптандырууну биздин изилдөөбүздө коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн милдеттүү түзүүчүсү катары каралып анын түптөлүшүн негиздемеси болуп саналат. Андан тышкары тилдик, социалдык-гуманитардык дисциплиналардын дидактикалык потенциалын, рационалдуу пайдалануу боюнча окуу иштерди уюштуруунун бардык түрлөрүн, жолдорун жана формаларын изилдөөнүн максаты менен милдетине ылайык коюлган иш-чараларды жүзөгө ашыруу улантылууда.

**Адабияттар:**


1. Веремейчик О.В. Дидакттические условия развития коммуникативной компетентности студентов технического вуза в процессе изучения социально-гуманитарных дисциплин // Кіраванне у адукацыі, 2010. - №5. - С. 25-31.
2. Игнатьева Е.А Использование языкового портфолио в техническом вузе в Контексте компетентностного подхода // Вестник Рязанского государственного университета им. С.А.Есенина, 2012, № 35. - С. 14-18.
3. Максимова Е.Б. Формирование коммуникативных компетенций студентов вуза: дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.08. - М., 2007. - 173 с.
4. Колмогорова Л.А. Формирование коммуникативной компетентности личности: Учебное пособие. - Барнаул: АлтГПУ, 2015. - 205 с.
5. Теплякова Г.В. Ситуации достижения успеха в формировании профессиональной мотивации бакалавра пищевых производств./ Вестник Ижевского государственного технического университета им. М.Т. Калашникова, 2012. - №3(55). - С. 162-165.
6. Мааткеримов Н.О., Бектеналиева Д.К. Инженердик адистиктердин студенттеринин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары / Н.О. Мааткеримов. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2020. - №7. - С. 271-276. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2021/3/
7. Мааткеримов Н.О., Бектеналиева Д.К. Болочок технологдорду табигый илимдүү дисциплиналарды окутууда кесиптик мотивдештирүүсүн өнүктүрүү / Н.О Мааткеримов // Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2020. - №2. - С. 113-117. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2020/2/